КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги X- сессиясынын № 163 токтому**

**28-ноябрь 2025-жыл Арал айылы**

## Айыл тургундарынын арыздарын кароо

Айыл аймагындагы жергиликтүү тургундарынын ( ден-соолугунан жабыркаган адамдардын) ден-соолугун чыңдоо үчүн материалдык жардамдарды берүү жөнүндөгү арыздары менен таанышып жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагында жашаган жардамга муктаж айыл тургундарынын арыздарынын негизинде (Врачтардын көрсөтмөлөрү менен таанышып чыгып) жергиликтүү бюджеттин эркин каражат эсебиндеги акча каражатынан төмөндөгү аты аталган арыз ээлерине материалдык жардамдар менен акчалай каржылоого макулдук берилсин. Алар:
   - Бишкек шаарындагы улуттук хирургиялык борборунан оор операция болгон айыл тургуну Раманкулов Эдилбек Надырбековичке операциядан кийин ден-соолугун чыңдоого 50,0(элүү миң) сом ;
   - Башындагы киста(Мениингиомы) оорусунан жабыркап, Мендибаевдин жеке клиникасында узак убакытка дарылануууга мажбур болгон айыл тургуну Шералиева Рыскүл Исраиловнанын дарылануусуна 50,0(элүү миң) сом ;
2. Бөлүнгөн акча каражатынын убагында бөлүнүп, арыз ээлерине даректүү жеткирилишин камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын төрайымы Сарбагышева Г.К. милдеттендирилсин.

**Башчы** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги X-сессиясынын № 164 токтому

**28-ноябрь 2025-жыл Арал айылы**

## Дыйкан чарбалардын жер салыгынын жана транспорт салыгынын ордун толтуруу үчүн жергиликтүү бюджетке республикалык бюджеттен түшкөн акча каражаттардын багытын өзгөртүп, айыл аймагындагы көйгөйлүү маселелерди чечүүгө багыттап бөлүштүрүү жөнүндө

Дыйкан чарбалардын жер салыгынын жана транспорт салыгынын ордун толтуруу үчүн жергиликтүү бюджетке республикалык бюджеттен түшкөн акча каражаттардын багытын өзгөртүп, айыл аймагындагы көйгөйлүү маселелерди чечүүгө багыттап бөлүштүрүү жөнүндө Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Дыйкан чарбалардын жер салыгынын ордун толтуруу үчүн түшкөн 1081,8 миң сом жана транспорт салыгынын ордун толтуруу үчүн түшкөн 1452,3 миң сом (жалпы суммасы 2534,1 миң сом) акча каражатынын багыты өзгөртүлүп, жергиликтүү бюджеттин айыл өкмөтү бөлүмүнүн 2215-статьясына жана социалдык иш-чаралар бөлүмүнүн 2215-статьясына отургузулсун.
2. Багыты өзгөртүлүп, статьяларга отургузулган акча каражаты эсебинен түзүлгөн сметанын негизинде Каракол айыл аймагына караштуу мекеме-уюмдардын , мектептердин өрт коопсуздугунун алдын алуу боюнча керектелүүчү чердактарды иштетүү (обработка) жана өрт сигнализацияларын орнотууга 1,812619( бир миллион сегиз жүз он эки миң алты жүз он тогуз ) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
3. Багыты өзгөртүлүп, статьяларга отургузулган акча каражатынын калган 721481( жети жүз жыйырма бир миң төрт жүз сексен бир) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин социалдык иш-чаралар бөлүмүнө бөлүнүп берилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджеттик комиссиясына жүктөлсүн.

5. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Башчы** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги X-сессиясынын № 165 токтому**

**28-ноябрь 2025-жыл Арал айылы**

**2025-жылдын жыйынтыгы менен Каракол айыл аймагындагы мекеме-уюмдарда, мектептерде эмгектеген кызматкерлерге дем берүү максатында шыктандыруучу сыйлыктар менен сыйлоо жөнүндө**

2025-жылдын жыйынтыгы менен Каракол айыл аймагындагы мекеме-уюмдарда, мектептерде эмгектеген кызматкерлерге дем берүү максатында шыктандыруучу сыйлыктар менен сыйлоо жөнүндө айылдык кеңешинин төрайымынын жана депутаттардын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагындагы мекеме-уюмдарда, мектептерде эмгектеген кызматкерлерге дем берүү максатында шыктандыруучу сыйлыктар менен сыйлоого жергиликтүү бюджеттин социалдык иш-чаралар бөлүмүнүн 2215-статьясынан 100,0(жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджеттик комиссиясына жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Башчы Э.Р.Тилекова**